**УДК 398.92**

# КЫРГЫЗДЫН БАЙЛЫГЫ - СӨЗ, СӨЗДҮН КУДУРЕТТҮҮ ТАРБИЯЛЫК ТААСИРДҮҮЛҮГҮ.
# СЛОВО – БОГАТСТВО КЫРГЫЗОВ, ВСЕМОГУЩЕЕ ВЛИЯНИЕ СЛОВА НА ВОСПИТАНИЕ
# THE WORD IS THE WEALTH OF KYRGYZ PEOPLE, THE OMNIPOTENT INFLUENCE OF THE WORD ON EDUCATION.

***Даминова Инабаткан П.и.к. доцент,***
***ОГПИ dinabat@list.ru***

***Аннотация:*** *Бул макалада “сөз” элдик педагогикадагы тарбиялоонун негизги кудрети күчтүү каражаты экендигин мисалдар келтирүү менен тастыкталды. Анткени адам баласын сөздүн күчү менен гана тарбиялоо мүмкүн. Сөз кудурети менен куралган макалдар, табышмактардан ,жомоктордон мисалдар келтирилди. Алардан мисал келтирүү менен анын тарбиялык мааниси чечмеленди.Бул макаланы тарбиялык ар кандай иш чараларды өткөрүүдө колдонсо болот.*

***Аннотация:*** *в этой статье посредством примеров приведены доказательства «слова» как всемогущего основного средства воспитания в народной психологии. Потому что человека можно воспитать только силой слова. Приведены примеры того, как посредством силы слова построены пословицы, загадки и сказки. На основе этих примеров были истолкованы их значения. Эта статья может быть полезной при организации различных воспитательных мероприятий.*

***Abstract:*** *in this article, by the way of examples, evidence is given of the «word» as an omnipotent primary means of education in folk psychology. Because man be raised only by the power of the word. There are given examples of how proverbs, riddles, and fairy tales are constructed through the power of the word. Based on these examples, their meanings were interpreted. This article may be useful in organization of various educational events.*

***Ачкыч сөздөр:*** *элдик педагогика,элдик тарбия, сөз, макал-ылакаптар,табышмактар, жомоктор, элдик баалуулуктар.*

***Ключевые слова:*** *народная педагогика, народное воспитание, слова, пословицы и поговорки, загадки, сказки, народные ценности.*

***Key words:*** *national pedagogy, national education, words, Proverbs and sayings, riddles, fairy tales, national values.*

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк социалдык –маданий мейкиндикте өрүш алган таалим-тарбия, илим, демократиялаштыруу, гумандаштыруу жан дүйнөнүн жардылыгына каршы күрөшүү сыяктуу тенденциялар көп кылымдык тарых сыноосунан өткөн түбөлүктүү асылдыктарды кайрадан оңдоо, жандандыруу талабы коюлуп жаткан учур.

Ушундан улам педагогика илим чөйрөсүндө калктын таалим-тарбия тарыхы аркылуу сыноодон өтүп асылбаа кенчке айланган элдик руханий мурастарга негиздүү заманбап зарылдык катары каралып келет.

Этнопедагогиканы изилдөөчүлөрүнүн бири С.Иптаров төмөнкү ойду баса белгилейт.

Асыресе, дүйнөдө сөзгө жардымын деген калк жок. Бирок, ага төр берген эл чанда. Кыргыздар - ошолордун бири. “Өнөр алды-кызыл тил”, “Көз жетпегенге сөз жетет”,”Баш кесмек бар,тил кесмек жок”, “Сөзүң өлгөнчө,өзүң өл”.Булар-сөз кадырын туя билген элдин ой тыянагы.

Сөз-аалам жана адам сырын изилдеген универсалдуу амал. Тил сыры-эң абалкы, эң татаал, эң купуя табышмактын бири, ал ачылса,адам акылы жаңы сереге көтөрүлөрү шексиз. ”Сыр” кыргыз тилинде бир нече мааниге ээ: 1.Купуя ой-пикир; 2.Коздоочу боек. Мындан ар бир купуя нерсе кооз болот, ал эми кооздук купуя келет деген бирдиктүү ой тыянагы келип чыгат – дейт. [ 4.6. ] Сөз баласы адам баласы менен жашташ. Бардык нерсенин башаты (баш аты) болгон сыңары, ”Өңгөнү коюп, Манасты айт” деп, кыргыздар сөз атасы “Манастан” баштайт. Адам урпагы тургузган сөз мунарасы ошол “Манас”

жомогу да “Мурункулардан калган сөз” деп башталат. Сөз өнөрү, рухий башат бардык эле элдерде ар убак бийик, асылнарк катары кастарланып келет.
Таасирдүүлүгү жагынан «Манас» дастанына теңдеш мурас жок катары эсептелет. Эпостун кыргыз элинин тарых тагдырындагы руханий жаратмандык анын сөз кудуретинин таасирдүүлүгү ыр саптарынын өзөгүндө эле таамай туюнтулуп айтылат.

Алсак: Уламадан уккан сөз,
Угуту өнүп чыккан сөз.
Арбын жомок толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз.
Эрендерден калган сөз,
Энчи кылып алган сөз.
Жоого аттанган баатырдын,
Жан -жөөкөрү болгон сөз
Белес белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн жок.
Аркар баскан бел менен,
Булут шашкан жел менен.
Катар арыш керген сөз,
Кошо жашап келген сөз.
Баласына атасы,

Энчи кылып берген сөз,- дегеле элдик педагогикалык маданияттын рационалдуу дөөлөттөрүн өздөштүрүү мурдатан эле педагогикалык теорияны жана практиканы өнүктүрүүнүн реалдуу өбөлгөсү катары каралып келген.
Тарыхта элдин педагогикалык ой казынасынан азык албаган бир да улуу педагог жок . Улуу , классик педагогдордун өмүр таржымалы менен педагогикалык көз караштарына астейдил талдоо жүргүзгөн Г.Н. Волков «элдик педагогдор дайыма улуу болушкан,ал эми улуу педагогдор дайыма элдик болушкан»- деген тыянакка келген. [3.47] . Демек улуу инсандар эл катмарынан чыгып, чыгаан инсандарга айлангандыгында турат.

Эгер биз сөз бермети жөнүндө учкай сөз кыла турган болсок кыргыз даанышмандары Кетбуканын, Эсенгул Ибраевдин төрт сап ыр толгосун мисалга алсак болот.

Өзөгүнө өрт таштап,
Өз бузулат сак болгун,.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат сак болгун. (Кетбука)

Бул ойду айтуу менен адамдын руханий ички дүйнөсүнүн бузулуусу да сөз менен жете тургандыгы айдан ачык көрүнүп турат

Сөздөрдү тай күлүктөй таптоо керек,
Бапестеп барктоо керек.
Сезимтал жүрөктөргө,
Сезимтал сөз үрөөнүн таштоо керек – деп акын Эсенгул Ибраев белгилейт. [5.4 ]

Демек улут өзүнүн сөз байлыгын бапестеп барктоо керек деп баса белгилейт.
Ал эми кыргыз фолькулору түгөнбөс, өлбөс булак катары бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келүүсүнө маданиятыбыздагы тактап айтканда укум-тукумга уланып келе жаткан, сөз кудурети менен туюнтулган табышмак, жаңылмачтар, макал-лакаптар, жомоктордун ордун эч нерсеге алмашылгыс улуу ой.

Дегеле кыска сөзгө нуска ойду сыйдырган бул жанырлар өтө курч, таамай, таасын формасы менен да айырмаланат. Баланын тилдик туюмун өстүрүп , ыкчам ой жүгүртүүгө үйрөткөн, образдуу түрдө туюнтулган саналуу эле сырткы же негизги функционалдык белгилери аркылуу нерселерди жаңылбай таба билүү жөндөмүн жетилтүүгө өбөлгө болгон табышмактардын мазмунуна токтоло кетели.
Мындай табышмактарда, кыргыздардын, табият, анын жандыктары, өсүмдүктөрү жөнүндөгү поэтикалуу элестетүүлөрү өзүнчө бир эмоциялуу түрдө, сүйкүмдүү чагылдырылган. Жемиштер тууралуу табышмактарды эле алалычы: «Асты таш, үстү таш,

ортосунда бышкан аш». (данек) «Сырты бирөө тоголок, ичинде миң тоголок» (Анар), үлбүрчөккө кан куюп, үйлөп талга байладым (карагат) .

Чындыгында эле табышмактар балдардын бааамчылдыгын , тапкычтыгын элестетүү жөндөмүн эле калыптандырбастан , аларды ажайып кооздукту, сулуулукту байкап баалаганга, табияттагы кубулуштарды көркөм элестетип кабылдаганга, туюнтууга үйрөтөт. Бул да болсо сөз кудурети, сөз менен бизге жетип олтурат.

Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгында акылмандыктын нукура берметтериндегидей таамай айтылган макалдар көп.Алар сөз кудурети менен таамай айтылгандыгы менен өзгөчөлөнөт.Төмөнкү макалдар менен тастыктоого болот : Бутунан чалынган турат,

Сөзүнөн чалынган турбайт.
Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Өнөрлүүнүн көзү өткүр.
Жолборс изинен кайтпайт,
Жигит сөзүнөн кайтпайт.
Адам сөзүнөн сынат.
Уй мүйүзүнөн сынат.
Ата сөзү алга сүрөйт адамды,
Эне сөзү эпке салат жаманды.

Элибиздин туулган жерге болгон терең сүйүүсү , чексиз ызааты ушул макалдарда да сезилет: « Жер- казына, суу алтын», «Тууулган жердин топурагы алтын», « кен асылы жерде, кеп асылы элде», «Эр эмгегин жер жебейт», «Дыйкандын баркын жер билет» ж.б.у.с. Ушундай эле идеаларды туюнткан: «Ат айланып казыгын табат», «Куш айланып тууруна конот» сыяктуу макалдар бир эле учурда кыргыз адамына мүнөздүү табият менен тамырлаштык сезимин да туюнтуп турат. Ал эми «уядан эмнени көрсө,учканда ошону алат» дегенде канаттуунун уясындай жайлуу да жүрөккө жакын да үйдө,үй бүлөдө бала кандай тарбия, таалим алып чоңойсо, ошого жараша мыкты же начар киши болору кошмок мааниде билдирилет.

Кыргыздын элдик жомокторунда жаныбарлар, өсүмдүктөр адамга өтө жакын, анын бүткүл жашоосунда, ой-кыялында, бардык иштеринде дайым катышат. Мисалы, кыргыз жомокторунда баарыбызга белгилүү "Алтын кушта" кереметтүү алма карыларды жашартат, көк бөрү мүрөктүн суусун алып келет, чаар тоту адамдын өткөндөгүсүн так айтып берет, келечегин да алдын-ала эскерте алат. Айрыкча, жансыз жаратылыштын обьектилери: күн, ай, жылдыздар, шамал, булак ж.б. да бир гана табияттын кубулуштары катары эмес, өз-өзүнчө мүнөзү бар ажайып каармандар болуп да катышышат.

Кыргыздын жомокторунда табият кооздугу абдан жогорку көркөмдүк менен сүрөттөлөт. Канчалык катаал болсо да, жаратылыштагы күчтөр, кубулуштар бул жомоктордо көбүнчө жаркын түспөлдө, сүймөнчүк, суктануу менен сөз аркылуу көркөмдөлүп чагылдырылат. Элдик жомок балдарды оптимизмге, жашоого шаттуу караганга, туулган жердин табиятына, жан-жаныбар, өсүмдүктөрүнө, тоо-суусуна кам көрө билген мээнеткеч, кайраттуу, билимдүү болууга тарбиялайт. Балдарды кыялдана билүүгө, кыялдагыны, көңүлгө келген фантазиялуу образды, идеяны жакшы туюнтуп, көркөм чагылдыра билүүгө, курчап турган дүйнөнү чыгармалык менен кабылдоого так ушул жомок жанры үйрөтөт. Сулуулук менен асылзаттык, эрдик менен кеменгерлик, адилеттүүлүк менен мээримдүүлүк - мына ушул жана башка эң мыкты сапаттардын алгач ирет калыптанышына, өнүгүшүнө жомок эң зор таасир тийгизет. Ал адамда табиятка,адамдарга карата эмоционалдык – эстетикалык мамилени жаратып, бир тараптуу пайданы ойлогон өзүмчүлдүк сезиминин туткуну болуудан кандайдыр бир деңгээлде сактай алат.

Андан сырткары кыргыз эли бөбөк төрөлгөндөн баштап бешик ыры менен уктатып, бала сөзгө түшүнө баштагандан тартып жомок менен аң сезимин , дүйнө таанымын ойготот эмеспи. Ошондуктан кыргызда жомокту жан дүйнөнүн күзгүсү, руханий маданияттын баа жеткис табериги катары карап келишет. Айтор кыргыз элинин тарыхын каада- салтын, маданиятын укумдан тукумга уланган элдик ооз эки чыгармачылыгына кайрылсак өзүнчө кенен дүйнө . Муну изилдеп чыкканга чамабыз чарк,эсепсиз жана

чексиз. Сөз кудуретинин күчтүү жагын жана өзгөчө ордун төмөнкү ыр саптарынан байкоого болот.

Сөз деген ачкыч-сырдашам десең,
Сөз деген ачкыч- чырдашам десең.
Сөз деген тапкыч-сырдашам десең,
Сөз деген баскыч- кырды ашам десең.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Алимбеков. А «Кыргыз этнопедагогикасы». окуу куралы ; 1-бөлүм Бишкек:1996. 69-бет
2.Бешимов Ж.Б «Сөз берметтери» Бишкек 1986- жыл 86-бет
3.Г.Н.Волков «Этнопедагогика» учебная пособия Москва: 2000- жыл 45-51-бет.
4.Иптаров.С. "Кыргыздын жан дүйнөсү" Бишкек: 2018- жыл 6-бет
5.Ибраев Э. "Тилим менен улутмун" Ыр дептер. Бишкек: 2012- жыл 4-б
6.Даминова « Эзелки ырым жырымдар жана экологиялык тарбия» КББИ журнал «Изилдөөлөр-табылгалар.» ( Илимий макалалар жыйнагы) Бишкек. 1998., 35-40- бб
Педагогика илимдеринин кандидаттары Т.Дмитриев менен В.Ильченко минтип жазышат: "Жомок деген чындык эмес, бирок анда ишаарат бар, акыл болор". Дайыма жакшылыкка, адамгерчиликке жол көрсөткөн жомоктор баарыбыздын эсибизде. Ханзаада Иван куткарган аары, жылан, карга ж.б. жапайы жан-жаныбарлар кийин анын өзүнө жардамга келет эмеспи. Жомок балага жер бетиндеги кооздук, сулуулук, байлыктын баарын барктай бил деп акыл үйрөтөт. Быша элек алманы үзбө, гүлдү соолутпа, кумурсканы тебелебе деп жөн эле насаат түрүндө айтпай, өтө таасирдүү, жугумдуу, ынанымдуу кулак кагыш, кыйытуу менен туюнтуп,сөз менен жеткирет. Эл - жүз миллион жүрөк, жүз миллион акыл –жүз миллион сөз. Ал баланын таш боор иш-аракетинин натыйжасы жеке өзүнүн да, ошол эле учурда бүтүндөй улуттун да трагедиясына себепчи болорун даана аңдап билет".[ 1.64 ].

Сөз баласы адам баласы менен жашташ.Адегенде("А"дегенде) сөз болгон.Бардык нерсенин башаты (баш аты) болгон сыңары,"Өңгөнү коюп,Манасты айт" деп,кыргыздар сөз атасы "Манастан" баштайт.Адам урпагы тургузган сөз мунарасы ошол "Манас" жомогу да "Мурункулардан калган сөз" деп башталат.Сөз өнөрү,рухий башат бардык эле элдерде ар убак бийик,асылнарк катары кастарланып келет.

Асыресе,дүйнөдө сөзгө жардымын деген калк жок.Бирок,ага тор берген эл чанда. Кыргыздар-ошолордун бири. " Өнөр алды-кызыл тил", "Көз жетпегенге сөз жетет","Баш кесмек бар,тил кесмек жок", "Сөзүң өлгөнчө,өзүң өл"...Булар-сөз кадырын туя билген элдин ой тыянагы.

Сөз-аалам жана адам сырын изилдеген универсалдуу амал. Тил сыры-эң абалкы,эң татаал,эң купуя табышмактын бири,ал ачылса,адам акылы жаңы сереге көтөрүлөрү шексиз."Сыр" кыргыз тилинде бир нече мааниге ээ: 1.Купуя ой-пикир;2.Кооздоочу боек.Мындан ар бир купуя нерсе кооз болот,ал эми кооздук купуя келет деген бирдиктүү ой тыянагы келип чыгат – деп этнопедагогиканы изилдөөчүсү С.Иптаров баса белгилейт.

Ошол купуя,кооз,сырдуу тыбыштар кантип сөзгө, сөз тилге, тил кепке айланды? Тыбыштын жаны –ой десек,денеси-тамга. Тыбыш ойго,мааниге ээ болгондо сөзгө,сөз тилге, тил кепке айланат. "Сөз –ойдун сандыгы". Демек, тил-ойду тилүүчү аспап,ал эми кеп-аны кепке (формага) келтирүүчү курал.

Тамга дегенибиз-таамп калган тыбыш,анын сүрүлүп,оюлуп,чегилип тартылган сүрөтү. "Сүрөттүн" уңгусу-сүр: 1.Айбат, сес; 2.Тегизде, жылмала; 3.Кыр, тазала; 4. Сыйпа, жугуз дегендей маанилерди берет.Байыркы адамдын денесине сүртүп түшүрүлгөн белгилерде сүр (айбат, сес) болбосо, анда ал сүрөт сырдуу мааниге ээ болмок эмес.Бала сүйлөгөндөн мурда сүрөт тартат.Ошентип,ар бир сөздө, тамгада алгачкы адамдын ааламдык сыры бугуп жатат.Адам мына ушундай "сырдуу сүрөттөрдөн" куралып, сөз деп аталган (аталган) бөтөнчө бир турмуш чындыгынын койнунда жашайт.

Ошондуктан, А.М.Хайдеггер тилди "дүйнөнүн үйү" деп атаган.

"Томуктай баштын ичине тоодой сөздү батырган" (Б.Сарногоев) тоолук элдин түбөлүк жашоо мыйзамы тууралуу. Улуу сөз -"Манастагы" ой толгомунун тереңдигин, кенендигин, чебердигин, көркөмдүгүн караңыз:

Ошол күндөн ушул күн
Төккөн кумдай күн өттү,
Түгөнбөс нечен түн өттү,
Эсеп жеткис жыл өттү.
Сай ташындай жан өттү,
Санаттагы кан өттү,
Сыр найзалуу шер өттү.
Аты калып,наркы жок
Эчен түрлүү эл өттү.
Ошол күндөн ушул күн
Коо бузулуп,сай болду.
Асты үстүнө айланып,
Сай бузулуп,тоо болду.
Тоо бузулуп,коо болду.
Калдайып жаткан бул жердин
Кайсы жери соо болду.
Ошол күндөн ушул күн
Деңиз кургап,чөл болду.
Чөл бузулуп,көл болду.
Түз бузулуп,төр болду.
Чокусу көктү тиреген
Тоо бузулуп,саз болду.
Жер бетинде элдердин
Көп чайпалып, аз болду.

Бай Жакып: "Сөөгү бышып катыксын,сөз айтууга жатыксын",-деп, бала Манасты Ошпурга табыштап бергенинде элдин таалим-тарбиялык түпкү мүдөөсү таасын чагылган.

Тилде ар бир сөздүн өз орду, жөнү, жүгү, даамы, баамы. бар.Ошого жараша: накыл сөз,насаат сөз,санат сөз,нарктуу сөз,керээз сөз,кайрат сөз,айбат сөз.болуп улана берет. "Сөз атасы-кулак". Угарман болбой сөз чыкпайт.

Байлык-мурастап калтырар казына.Сөз-эл байлыгы эл казынасы. Биз кен чалгындап,жер астындагы байлыкты таап, ошол аркылуу эл турмушун жакшыртууга умтулабыз.Ал да керек. Бирок, ал байлык эртедир-кечтир түгөнөт. Анын оордуна өлүү талаа,жансыз тоо-таш, жабырланган табият калат.Ал эми тил байлыгын изилдөө,анын койнун чалгындоо "түгөнгөн сайын түтөгөн, алган сайын арбыган, сузган сайын көбөйгөн" көрөңгөлүү казына болуп, укум-тукумубузду шердентип, сыймыктантып, урпактарыбыздын ой-сезимин өрчүтүп, ар-намысын курчутуп турат. Дилиң оңолсо тилиң, сөзүң оңолсо өзүң оңолосуң. Бу жалганда бардык нерсенин түбү–өлүк (түбөлүк). Өлбөгөн нерсе-касиеттүү нерсе.Ал тил,сөз.Акын жазгандай: " Жараткан бергенин бүт койбой алат.Бир гана жагымдуу сөз аман калат".Сөз атасы өлбөсүн.

Этнопедагог Г.Н.Волковдун «эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт»-деген ой-пикирине таянсак болот.( 3.46)

Г.Н.Волковдун ой пикирин кыргыз тарыхы да далилдейт. Эгер кыргыз көркөм сөз мурасы тактап айтканда «Манас» эпосун далил катары ала турган болсок, эпос кыргыз эл педагогикасынын булактарынын арасында тарбиялык идеаларынын масштабдуулугу, тереңдиги эл турмуш менен тамырлаш, өзөктөштүгү, эл ичиндеги таркалышы менен айрымаланат.